Раева Т.
К.Тыныстанов ат. ЫМУ

К.ТЫНЫСТАНОВ – АЛГАЧКЫ ОКУУ КИТЕПТЕРИНИН АВТОРУ

Касым Тыныстанов 20-30-жылдарда кыргыз интеллигенциясынын арасынан чыккан терең билимдүү, маданий-агартуу, коомдук-ишмердик жолунда талыкпай эмгектенген, илимге өзүнүн өчпөс жылдыздай жарыгын калтырып, анын калыптанышына ополтоодой салымын кошкон туңгуч профессор.

Касиеттүү жердин кадырман кулуну Касым күркүрөгөн күздө жарык дүйнөгө келип (Ал 1901-жылы Ысыккөл өрөөнүндөгү Чырпыкты айылында туулган. Касымдын туулган күнү жөнүндө илимий эмгектерде ар түрдүчө пикирлер айтылып жүрөт. Кай биринде 10-сентябрь (Жусаев Ж., Абакиров К. Кыргыз маданиятынын чолпону //Кыргыз маданияты, 3.10.1991), башка бир маалыматтарда 9-сентябрь (Жапаров Ш. Кыргыз тилчилери: Биобиблиографиялык тактам, окума, 1-том, 2004), 36-жыл гана өмүр сүргөн.

Анын өмүрүндөгү «кара тактар» жөнүндө белгилүү окумуштуу жана саясий ишмер Абдыганы Эркебаев: «Касым Тыныстан уулу кылым менен жашташ, Октябрь менен өмүрлөш, бирөөлөр үчүн аттын кашкасындай таанымал, ал эми алардан кийинки орто жана кичүү деп аталчу муундар үчүн узак жылдардан бери таптакыр эле (айрым бир изилдөөчү-илимпоздорду эске албаганда) бейтааныш болуп келгенин кантип жашырабыз. Ооба, бул адам кезегинде, кыргыз совет маданияты жаңыдан көз жарып, телчигип жаткан мезгилде (1918-1938-жылдар) түшүнгөндөр үчүн анын чолпон жылдызы, арка бели, туткасы, түшүнбөгөндөр же атайлап түшүнгүсү келбегендер үчүн душманы, саясий мокочосу болсо жана андан кийин да көп жыл бою (1940-1950-жылдар ичинде) айыгышкан идеялык талаштартыштын капшабында калып келсе, 1960-жылдан тартып кайра куруу кеңири кулач жайганга (1989-ж.) чейин ооз ачып, атын атаганга мүмкүндүк бербеген идеологиялык-саясий тыюу салынуунун курмандыгы болбодубу» [8] - деп көрсөтөт.

К.Тыныстановдун жасап кеткен ишин иликтөөгө алып, анын ар тараптуу эмгектерине сереп салсак - ал өтө ар кыл ар тараптуу. Ал эми биз сөз кыла турган - анын автордук ишмердүүлүгү, б.а. алгачкы окуу китептери болмокчу.

Кыргыз тили илимин биринчилерден болуп түптөгөн жана алгачкы окуу китептерин жазган окумуштуу К.Тыныстанов болуп, анын 1924-жылы басылган окуу китебинин кириш сөзүндө: «Бул китепти жаш балдар үчүн арнап жазган болдук. Жаш балдарга арнап китеп жазуу үчүн көп усталык, көп-көп тажрыйбалар керек. Жаш баланын жашына ылайыктоо үчүн кыйын-кыйын шарттарды өтүү керек. Андай шарттардын бардыгын тең орундаттык деп айта албайбыз. Биринчи себеп, бизде билим толук эмес, окутуучулук кылып, балдар ичине аралашкан эмеспиз, бизде тажрыйба жок. Экинчиден, мурунтадан жолго коюлган адабият жок. Үчүнчү себеп, бул китептин ашыгычтык менен жазылгандыгы болду. Өзүбүздүн чабалдыкты ай-тып отурсак да бул китепти бир ай ичинде даяр кылдык. Айтор жоктон бар артык дегенди эске алып, куру алакан отурган мектептерибизди соорото туралык дедик» [7, 3-б.] - деп жазган.

«Анын «сөз башы» менен таанышкан ар бир окурман, окуу китеби эптемей эле түзүлгөн окшойт деген жыйынтыкка келиши ыктымал. Анткени, анда «бардык шарттарды орундата албагандыктын» бир нече себептери көрсөтүлгөн.

Бирок, окуу китеби менен терең таанышып чыккан ар бир инсан анын

баалуулугуна ыраазы болуп, жогоруда көрсөтүлгөндөй, бир нече себептерге карабастан, мыкты түзүлгөндүгүнө таң калбай кое албайт» [10, 53-б.].

Мына ушундай ойлордон улам К.Тыныстанов өз учурундагы коомдук муктаждыкка жараша үч айдын ичинде шашылыш жазган окуу китебине өзү рухий канаат ала албай, коомчулуктан кечирим сураса керек деген бүтүмгө келесиң. Улуу инсандын улуулугу ушунда окшобойбу! Бирок бүгүнкү күндүн көзкарашынан алып караганда да Касымдын окуу китебинин дидактика-методикалык деңгээли аны унутта калтырбайт.

Бул окуу китеби алиппеден кийинки мезгилге арналып, жыл мезгилине карата болгон эмгек тиричиликтери, табияттын өзгөрүштөрү, колдо үйрөткөн жана жапайы айбандар, канаттуу куштар, ой менен чыгарылуучу эсептер, ошондой эле окуучуларды адамгерчиликке, кичипейилдикке, мээнеткечтикке үйрөтүп, калп айтып, ууру кылбай, адептүү болуп өсүүгө чакырган аңгеме, ыр, жомок, макал-лакап, табышмактар берилген.

Окуу китеп шашылыш түрдө жазылса да, ага чейин жазылган башка улуттардын окуу китептеринен пайдаланып, алгылыктуу материалдарды билгичтик менен тандап алган. Мында элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнөн пайдаланып (ойсул ата, камбар ата, зенги баба, чолпон ата, чычаң атадан тартып), үй айбандары жөнүндө кеңири түшүнүктөр берилген. Ушуга байланыштуу малдын талашы, түлкү, аюу, каман, мерген, таштанды ит, илбесиндер, ителги, соодагер карга, кичине баатыр, жаман жолдош ж. б. аңгеме жомоктор, тамсилдер окуучуларды кызыктырып, анын мазмунун толук айтып берүү жеңил болгон.

Касымдын окуу китебиндеги чыгармалары бир мезгилде комплекстүү бир нече (дидактикалык, педагогикалык, методикалык) максатты аркалайт. Тактап айтканда, ошол чыгарма аркылуу окуучуга тема түшүндүрүлөт, ошол эле чыгарма ага тарбия берүү максатын көздөйт, ошол эле чыгарма окуучунун интеллектуалдык өнүгүүсүн арттырууга багытталат.

Анын бул «Окуу китеби» жөнүндө Ү.Култаева: «Кийинки эки он жылдан бери окуу китебинин мазмуну жана структурасы боюнча илимий педагогикада иштелип жаткан дидактикалык критерийлер менен К.Тыныстановдун окуу китебиндеги методикалык табылгалардын ортосунда белгилүү эмпирикалык үндөштүк бар экендигин байкоого болот десе, көрүнүктүү дидактик М.Скаткиндин пикири боюнча «Окуу китеби – окуу про-цессинин өзгөчө түзүлгөн сценарийи»,-дейт.. Белгилей кетүүчү дагы бир маселе, Касымдын сценарийинде ролдор эң эле туура жана ачык бөлүштүрүлгөн. Демек, окуу китеби-нин жалпы мазмуну методикалык жактан зиректик менен иштелген, анын методикалык аппараты бүгүнкү күндүн көзкарашы менен алып караганда да кызыктуу» [4, 33-б.] - деп көрсөтөт.

Китепте берилген аңгемелер өзүнчө сөз кылууга татыктуу. Касымдын таалим-тарбия берүүчү кызыктуу аңгемелери жөнүндө белгилүү окумуштуу З.Бектенов: «Бир кезде кыргыздын илимпоз адабиятчылары Совет мезгилинде кыргыз тилинде биринчи аңгемени кайсы жазуучу жазгандыгы жөнүндө талкуулашып, «Ажар» аттуу аңге-мени 1926-жылы Касымалы Баялинов биринчи жазган деп келген болучу. Ал эми Кыргыз тилиндеги туңгуч аңгемелерди Касым Тыныстанов жазып, өзүнүн 1924-жылда Ташкент шаарында бастырып чыгарган китебинде жарыялаган» [1, 9-б.] - деген тыянактуу оюн айтат.

К.Тыныстановдун кыргыз мектептеринин тарыхында биринчи жолу жазылган окуу китеби «Эне тили-биз» (Кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана сөз бүтүштөрүн тааныткан китеп) 1928-жылы жарык көрүп, ал кезде кыргыз тили боюнча окуучулар эмес, мугалимдер колго ала турган эч кандай окуу куралы жок болгондуктан, арыдан бери кыргыз тилинин айрым материалдарын ичине камтыган алгачкы окуу китебин жазуу

ушул адамдын энчисине туура келген.

Тил сабагынын II бөлүмү 15 миң нускада басылып, сөздөрдүн уланды мүчөлөрү менен өзгөрүшү, өз ара байланышы, мүчөлөмө сөздөрдүн бөлүнүшү, алмашуулары, ээрчишүүлөрү (үндөштүк заңы) жөнүндө тиешелүү маалыматтар берилген. Окуу китебинин мүчүлөш жактары жөнүндө автор методикалык жагынан жетишпегендик, бышыктоо үчүн материалдардын аз болгондугун, кай бир темага карата эч кандай көнүгүүлөр берилбей калгандыгын мугалимдердин эстерине салат.

Окуу китебинин жетишпеген жагы - фонетика жана сөз составын окуучуларга түшүнүктүү кылып, жеңилдетип берүү үчүн таблицаларды пайдаланып, алардын практикалык машыгууларын жакшыртууга аракет кылгандыгында. Окуу китебинин мүчүлүшү катарында I-II класстар үчүн берилген материалдар бир кыйла татаалдык кылгандыгын көрсөтүүгө болот. Мисалы, жалкы, кош жана көп курандылуу сөздөрдү II класстын окуучуларына сунуш кылуу оордук кылган. Китепти барактаганда айрым темалары окуучулар эмес, мугалимдер үчүн да татаал болуп саналат.

Академик Б.Орузбаева К.Тыныстановдун окуу китептери жөнүндө мындай пикирди айткан: «Сөздү морфологиялык жана лексикалогиялык объект катары изилдөөдө мындан ары, сөзсүз, К.Тыныстановдун эмгектерине, анын көзкараштарына толугураак токтолуу зарыл. Анткени ушул убакка чейин «сөзгө» баа бергенде И.А.Батманов, Б.М.Юнусалиевдин эмгектерине таянып келдик. Албетте, алардын бул проблемага тийиштүү көзкараштары, жасалуу ыкмаларына карата айтылган илимий-теориялык ой-пикирлери түркологияда дайыма этибарга алынып, жогору бааланып келе жатат. Андай баага бул окумуштуулар сөзсүз татыктуу. Ал эми К.Тыныстанов болсо өзүнүн жазган окуу китептеринде сөз, анын тыбыш, муун составына, жасалыш, өзгөрүш механизмдерине, ошого байланыштуу тилдик кубулуштардын ички байланыштары менен түшүндүрө турган касиеттерин баяндаган так, түшүнүктүү эрежелерди иштеп чыккан. Бул жагынан К.Тыныстанов – кыргыз элинин грамматикасы жөнүндө илимдин чыныгы негиздөөчүсү болуп саналат» [8, 35-б.].

Бул акыйкаттык менен айтылган сөз. К.Тыныстанов Кыргызстанда гана эмес, түркология илиминин классиги экендигин далилдеген изилдөө иштери али күнгө чейин жетишерлик колго алынбай жатканын моюнга алуу керек.

К.Тыныстановдун жазган илимий эмгектери жана окуу китептери окумуштуу түркологдор тарабынан жогору бааланып, аны А.Н.Бас-каков мындайча эскертет: «1928 – жылы командировкага келип, Кыргызстандын Эл Агартуу комиссары жетилип калган лингвист-окумуштуу, бир нече окуу китептеринин жана макалаларынын автору К.Тыныстанов менен тыгыз байланышта иш жүргүздүк. Ал ушу жылдары республикада кыргыз тили

менен маданиятынын ири өкүлү экен. Бир күнү бизге бир калың дептерин көргөзгөн, көрсө ал жер-жерлерде чогулткан мидеген сөздөрдүн классификациясы экен. Бул эмгеги негизинен иштелип бүтүп, монография катарында даяр болуп калыптыр» [3, 129-б.].

Экинчи жолу 1933-жылы келип, К.Тыныстанов менен кыргыз тилинин илимий грамматикасын түзүү жөнүндө кеңири сөз болгондугун белгилеп: «Кыргыздын окумуштуу-лингвисттери К.Тыныс-танов, Б.М.Юнусалиев, И.А.Батмановдор кыргыз тил илиминин баштоочулары гана эмес, тюркология илиминдеги көрүнүктүү окумуштуулар катары да баалуу. Алардын бардыгын кыргыз элинин маданий тарыхына баа жеткис салымын кошкон кыргыз тил илиминин классиктери деп атоого толук укуубуз бар» [3, 31-б.] - деп көрсөтөт.

2001–жылы К.Тыныстановдун кыргыз тили боюнча жазган нормативдик

грамматикасын жалпы окурмандарга жеткирүү максатында ЮНЕСКОнун чечими менен «Окуу-жазуу бил» (1927), «Биздин тил» (1927), «Жаңы айыл» (1929), «Тил сабагы» (1932) деген окуу китептери Кыргызстан-Сорос фондусунун ка-ражаты менен басылып чыкты [5, 372 б.].

Бул китептер негизинен башталгыч класстарга фонетика, грамматика боюнча илимий-методикалык негиздеги түшүнүктөрдү берген алгачкы окуу китептеринен болуп саналат. Убагында андай окуу китептери жок болгондуктан, орус мектептеринин башталгыч класстарында окуучулар менен мугалимдер ушул китептерден пайдаланып келишкен.

Сөздүн кыскасын айтканда, кыргыз элинин совет мезгилиндеги туңгуч жазуучусу, Кыргыз Респуб-ликасынын тунгуч эл агартуу комиссары, кыргыз тилинин грамматикасын негиздеген профессор жана кыргыз маданиятынын, адабиятынын өнүгүшүнө зор таасир эткен мамлекеттик ишмер К.Тыныстанов жазган окуу китептеринен пайдалануу менен 1929-жылдардын аягында окумуштуу-методисттер жана тажрыйбалуу мугалимдер тарабынан бир катар жаңы окуу китептери жазылды. Ага мисал кылып Б.Данияров, А.Шабданов, Т.Со-пиев, С.Наматов, Х.Карасаев, И.А.Батманов, М.Жаңыбаев ж.б. атын атоого болот.

Адабияттар

1. Бектенов З. Касым кандай Киши эле? ⁄Касым Тыныстан уулу. -Бишкек: Адабият, 1991, – 9-б.
2. Жапаров Ш. Кыргыз тилчи-лери: биобиблиографиялык тактам, окума, 1-том. -Бишкек-Нарын, 2004, 173-б.
3. Жолду баскан арбытат. (Тюрколог Н.А.Баскаков менен маек).- Ала-Тоо, 1990, №8, 129-131-б.б.
4. Култаева Ү. К.Тыныстановдун окуу китебиндеги методикалык табылгалар ⁄Профессор Касым Тыныстан уулунун 90 жылдык мааракесине арналган республикалык илимий-теориялык конференциясында жасалган докладдар менен баяндамалардын тезистери. –Б., 1991, 33-б.
5. Тыныстанов К. Алгачкы эмгектер. –Б., 2001, 372 б.
6. Тыныстанов К. Кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана сөз бүтүштөрүн тааныткыч китеп. –Ф., Кырг.мамбас, 1928, 7-б.
7. Тыныстанов К. Окуу китеби. Биринчи баскыч мектептер үчүн. Орто Азия басмасөз таратуу комиссиясы. –Ташкент, 1924, 3-б.
8. Орузбаева Б.Сөз курамы. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттери үчүн. –Б.: Мектеп, 2000, 35-б.
9. Эркебаев А. Жаңы маданиятыбыздын көч башы /Касым Тыныстан уулу. –Б.: Адабият,1991, 177-б.
10. Сакиева С., Токтомамбетов А. Касымдын окуу китеби /Профессор Касым Тыныстан уулунун 90 жылдык мааракесине арналган республикалык илимий-теориялык конференциясында жасалган докладдар менен баяндамалардын тезистери. –Б., 1991, 53-б.